УДК.: 316.422.42

**Сулейманова Нургуль**
Кыргыз-Түрк «Манас» университети, Социология бөлүмү
Социология илимдеринин кандидаты
**Карыяева Айдана**
Кыргыз-Түрк «Манас» университети, Социология бөлүмүнүн студенти

**ААЛАМДАШУУ ШАРТТАРЫНДА КЫРГЫЗ ӨСПҮРҮМДӨРҮНҮН ИДЕНТТЕШҮҮСҮНӨ ТААСИР ЭТҮҮЧҮ ФАКТОРЛОР**

**Сулейманова Нургуль**
Кыргызско-Турецкий университет «Манас», отделение социологии
Кандидат социологических наук
**Карыяева Айдана**
Студент 4 курса социологического отделения
Кыргызско-Турецкого университета «Манас»

**ФАКТОРЫ, ВЛИЯЮЩИЕ НА ИДЕНТИЧНОСТЬ КЫРГЫЗСКИХ ПОДРОСТКОВ В УСЛОВИЯХ ГЛОБАЛИЗАЦИИ**

**Suleymanova Nurgul**
Kyrgyz-Turkish Manas University, Department of Sociology
Candidate of Sociological Sciences
**Karyyaeva Aidana**
4th year student of the Sociology Department of the Kyrgyz-Turkish Manas University

**FACTORS INFLUENCING THE IDENTITY OF KYRGYZ ADOLESCENTS IN THE CONTEXT OF GLOBALIZATION**

**Аннотация.** Ааламдашуу процесси мамлекеттер аралык, маданияттар аралык, коомдор аралык чегаралардын маанилүүлүгүн жоюп, дүйнөлүк стандарттуу маданий коомду түзүп жатат. Бул процесс өспүрүмдөрдүн арасында улуттук баалуулук, мекенчилдик сезим, атуулдук жоопкерчилик, аймактык өзгөчөлүк деген сыяктуу башка улуттан, башка мамлекеттен айырмалаган улуттук, мамлекеттик артыкчылыктарды стандарттуу баалуулуктардын катарында таанууга, билүүгө аракет жасап жатат. Бул макалада кыргыз коомунда өспүрүмдөрдүн иденттешүүнө таасир этүүчү факторлор катары үй-бүлө, билим берүү чөйрөсү, бош убактысында алектенген чөйрөсү жана социалдык тармактарды анализдөө аркылуу ааламдашып жаткан коомдо өспүрүмдөрдүн иденттешүү процессине байкоо жүргүзүлдү. Корутундулап айтканда, ааламдашуунун таасири астында өзгөрүүгө дуушар болгон кыргыз коому, анын ичинде өспүрүмдөр жаш курактык кризис учурунда коомду таануу жаңы горизонту кеңейип, үй-бүлөдөн бөлүнүп, дос-курбу чөйрөсү активдүү жана маанилүү мезгилге өтөт. Ар бир өспүрүмдүн жашоосу өткөн аянтча, виртуалдуу болсун, визиалдуу болсун, өспүрүмдүн улуттук иденттүүлүгүн калыптандырган символикалык белгилерге бай жана эс-тутумда позитивдүү элестетүү жарата алган образда болушу маанилүү.

**Негизги сөздөр:** ааламдашуу, үй-бүлө, өспүрүм, кыргыз коому, иденттүүлүк, чөйрө.

**Аннотация.** Процесс глобализации снижает значимость межгосударственных, межкультурных и межобщественных границ, формируя мировое стандартное культурное общество. Этот процесс побуждает подростков воспринимать и осознавать национальные ценности, патриотизм, гражданскую ответственность и территориальную самобытность – характеристики, отличающие их от других народов и государств, – в качестве стандартных универсальных ценностей. В данной статье рассматриваются такие факторы, влияющие на идентификацию подростков в кыргызском обществе, как семья, образовательная среда, круг общения в свободное время и социальные сети. Анализ этих факторов позволяет проследить процесс идентификации подростков в глобализирующемся обществе.В заключение можно сказать, что кыргызское общество, находясь под влиянием глобализации, претерпевает изменения,

что особенно проявляется в период возрастного кризиса подростков. В этот период расширяется их представление о мире, ослабевает привязанность к семье, а круг общения со сверстниками становится более активным и значимым. Важно, чтобы пространство, в котором формируется идентичность подростка – будь то реальное или виртуальное, – было наполнено символическими знаками национальной идентичности, вызывающими позитивные образы и оставляющими положительный след в его памяти.

**Ключевые слова:** глобализация, семья, подросток, кыргызское общество, идентичность, среда.

**Annotation.** The process of globalization reduces the importance of inter-State, intercultural and inter-societal boundaries, forming a global standard cultural society. This process encourages adolescents to perceive and realize national values, patriotism, civic responsibility and territorial identity - characteristics that distinguish them from other peoples and states - as standard universal values. This article examines such factors influencing the identification of adolescents in Kyrgyz society as family, educational environment, social circle in free time and social networks. The analysis of these factors makes it possible to trace the identification process of adolescents in a globalizing society. In conclusion, it can be said that Kyrgyz society, being under the influence of globalization, is undergoing changes, which is especially evident during the age crisis of adolescents. During this period, their view of the world expands, their attachment to the family weakens, and the circle of communication with peers becomes more active and significant. It is important that the space in which an adolescent's identity is formed, whether real or virtual, be filled with symbolic signs of national identity that evoke positive images and leave a positive trace in his or her memory.

**Keywords:** globalization, family, teenager, Kyrgyz society, identity, environment.

**Киришүү**

Ааламдашуу процесси мамлекеттер аралык, маданияттар аралык, коомдор аралык чегаралардын маанилүүлүгүн жоюп, дүйнөлүк стандарттуу маданий коомду түзүп жатат. Бул процесс жаштардын арасында улуттук баалуулук, мекенчилдик сезим, атуулдук жоопкерчилик, аймактык өзгөчөлүк деген сыяктуу башка улуттан, башка мамлекеттен айырмалаган улуттук, мамлекеттик артыкчылыктарды стандарттуу баалуулуктардын катарында таанууга, билүүгө аракет жасап жатат.

Ааламдашуу – бул өлкөлөр менен маданияттардын ортосундагы байланышты күчөткөн процесс катары жаштардын иденттүүлүгүнө олуттуу таасир этүүчү көрүнүш [1]. Ар түрдүү маданияттардын карым-катышы аркылуу көп маданияттуулук кеңири жайылды. Демек ар бир ааламдашкан өлкөдө жаштар, алардын ичинде өзгөчө бардык нерсени таанып-билүүгө ынтызар болгон өспүрүмдөр улуттук, атуулдук, аймактык, маданий, саясий, социалдык, экономикалык ж.б. жактан иденттешүү процессинин ичинде калыптанат.

Бул макалада кыргыз коомунда өспүрүмдөрдүн иденттешүүнө таасир этүүчү факторлор катары үй-бүлө, билим берүү чөйрөсү, бош убактысында алектенген иштери/чөйрөсү (хобби) жана социалдык тармактарды анализдөө аркылуу ааламдашып жаткан коомдо өспүрүмдөрдүн иденттешүү процессине байкоо жүргүзүлдү.

Социолог А. Гидденс ааламдашууну жөн гана экономикалык процесс катары эмес, жашоонун бардык аспектилерин камтыган социалдык көрүнүш экенин баса белгилеп, аны дүйнөнүн бир бөлүгүндөгү окуялар дүйнөнүн башка бөлүгүндөгү адамдардын жашоосуна барган сайын таасир эте тургандай коомдордун ортосундагы байланыштын күчөшү деп аныктайт [2:64]. Ал эми психолог Э.Эриксон бул маселенин маанилүүлүгү катары өспүрүм курактагы иденттешүү процесси анын эң сезимтал мезгили жана мында сырткы таасирлер өзгөчө чоң роль ойноорун белгилейт [3:15].

**Өспүрүм жана өспүрүмдүн чөйрөсү**

Кыргызстандагы борбор шаар катары Бишкек ааламдашуунун таасирин изилдөө үчүн уникалдуу чөйрө болуп саналат. Бишкек шаарында жашаган кыргыз өспүрүмдөрү үчүн ааламдашуунун таасири үй-бүлө, билим берүү мекемелери, бош убактысында алектенген иштери/чөйрөсү (хобби) жана социалдык тармактар болуп саналат. Бул шаарда салттуу жана заманбап баалуулуктардын

айкалышы кездешет жана гибриддүү идентүүлүктөрдүн калыптанышына шарт түзөт.

Психология жана социологияда «өспүрүм» түшүнүгүнө көптөгөн аныктамалар бар. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө “өспүрүм” деп 12-16 жаштар чамасындагы бойго жете элек, толо элек балдар жана кыздар айтылган [4:489]. Ал эми Бүткүл дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун (БДСУ) белгилөөсү боюнча, өспүрүм курак – бул 10 жаштан 19 жашка чейинки балалык менен чоң кишинин ортосундагы жашоо фазасы. Бул адамдын өнүгүүсүнүн уникалдуу баскычы жана ден соолуктун пайдубалын түптөө үчүн маанилүү мезгил [5]. Орус психологу А.Н.Леонтьевдин айтуусу боюнча, курактык мезгилдерге бөлүүнүн негизинде эки принцип жатат:

1. Тарыхый принцип;
2. Психиканын иш-аракетте өнүгүү принциби.

Бул принциптердин негизинде Л.Выготский өспүрүм куракты 11-15 жаш кыздар үчүн, 12-15 балдар жаш үчүн деп бөлүп караган [8:107]. А.Н.Леонтьев өз кезегинде өспүрүм куракты 13-14 жаштан 17-18 жашка чейин бөлүп караган [6].

Орус психологу А.Н.Леонтьев өспүрүм курак деп окууну улантуу жана баланын социалдык турмушка активдүү катышуусу менен мүнөздөлгөн мезгилди айткан. Бул этапта баланын “эркек” жана “аял” ишмердүүлүгүнө бөлүнүү менен байланышкан гендердик багыты аяктайт, ошондой эле конкреттүү кесиптик ишмердүүлүккө болгон кызыгуу калыптанат. Бул мезгилде таанып-билүү процесстеринин өнүгүшү жана инсандык калыптануу эрезеге жеткенге багыт алуу менен туруктуу жана дифференцияланган кызыкчылыктардын өзгөрүшү менен коштолот. Бойго жетүү сезими өспүрүм курактын негизги психологиялык симптому болуп, биологиялык жетилүү менен баланын социалдык статусунун ортосундагы ички карама-каршылыкты пайда кылат. Бул карама-каршылык протесттик жүрүм-турумда, чоңдорду тууроого умтулууда жана социалдык чектерди бузууда чагылдырылышы мүмкүн [6].

Өспүрүм курак Э. Эриксондун пикири боюнча, бул идентүүлүк калыптанган маанилүү этап жана бул учурда өспүрүмдөр өзүн өзү издөө, өзгөчөлүгүн аныктоо жана коомдо өз ордун табуу үчүн изденишет. Эриксон бул процессти “идентүүлүк кризиси” деп атаган, себеби бул мезгилде жаштардын аң-сезими жаңы суроолорго толуп, аларга жооп табуу үчүн психологиялык жана социалдык жактан чоң кыйынчылыктарды жеңүүгө туура келет [3:15].

Ар бир адам өзүнүн жашоосунда бир канча социалдашуу жана өнүгүү этаптарынан өтөт. Ар бир этап кризиске учурайт, анткени иштин жаңы бөлүгүндө өсүү жана аң-сезим инстинкттердин энергиясынын өзгөрүшү менен бирге жүрөт жана ошону менен катар бул ар бөлүктүн өзгөчө алсыздыгын шарттайт. Демек, ар бир кийинки этап же социалдашуу процесси перспективанын радикалдуу өзгөрүшүнүн натыйжасында потенциалдуу кризис болуп саналат. Бул жерде “кризис” деген сөз өнүгүү түшүнүктөрүнүн контекстинде катастрофа коркунучун эмес, өзгөрүү учурун, алсыздыктын жана потенциалдын жогорулашынын критикалык мезгилин жана натыйжада жакшы же начар адаптациялоонун мүмкүн болгон онтогенетикалык булагын бөлүп көрсөтүү үчүн колдонулат [3:105].

Идентүүлүк кризиси – бул табигый жана зарыл болгон көрүнүш, анткени ал инсандык өнүгүүнүн негизги өзөгүн түзөт. Бул мезгилде өспүрүмдөр өздөрүнүн кызыкчылыктарын, баалуулуктарын жана жашоого болгон көз караштарын кайрадан баалап, аныктоого аракет кылышат. Эриксон белгилегендей, бул кризис өспүрүмдөрдүн идентүүлүктүн калыптанышына терең таасир этип, алардын келечектеги жашоо тандоолорунун негизин түзөт [3:32]. Мисалы, өспүрүм куракта алган тажрыйбалар жана айлана-чөйрөдөгү адамдар менен болгон мамиле инсандын андан ары калыптанышында маанилүү ролду ойнойт.

Ааламдашуу шартында бул кризис өзгөчө татаал жана курч болушу мүмкүн, себеби өспүрүмдөр бир эле учурда ар кандай маданий системалардын жана дүйнөлүк тренддердин таасирине дуушар болушат. Бул жерде ааламдык жана жергиликтүү маданий баалуулуктардын ортосунда кагылышуулар пайда болуп, бул өспүрүмдөрдүн ким экендиги жөнүндө кошумча суроолорду жаратат. Р.Дженкинстин изилдөөлөрүн-

дө белгиленгендей, мындай кырдаалда өспүрүмдөр өздөрүнүн улуттук же этникалык иденттүүлүгү менен ааламдык маданияттын элементтерин айкалыштырууга аракет кылышат, бул болсо алардын инсандык өнүгүүсүндө терең карама-каршылыктарды жаратышы мүмкүн [7:125].

Ошол эле учурда, иденттүүлүк кризиси өспүрүмдөрдүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачып, жашоого болгон көз караштарын кеңейтишине шарт түзөт [3:25]. Алар жаңы билимдерди өздөштүрүп, дүйнөлүк маданий таасирлер аркылуу өзүнө жакын баалуулуктарды өздөштүрүүгө умтулушат. Бирок бул процесс ааламдык жана салттуу баалуулуктардын ортосундагы тең салмактуулукту табууну талап кылат [7].

Мындай кырдаал, өзгөчө, үй-бүлөнүн, билим берүү системасынын жана социалдык чөйрөнүн колдоосу менен ийгиликтүү чечилиши мүмкүн. Ата-энелер жана мугалимдер өспүрүмдөргө алардын иденттешүү мезгилиндеги кыйынчылыктарын түшүнүп, туура багыт бере алышса, кризистен өтүү жеңилирээк болот. Эриксондун айтуусу боюнча, бул этапта өспүрүмдөргө коомдун жана жакын чөйрөнүн түшүнүү кабыл алуусу жана колдоосу өтө маанилүү [3:32].

Өспүрүм курак тууралуу орус педагогу Л. Выготскийдин изилдөөлөрүндө социалдык активдүүлүктүн күчөшү жана көз карандысыздыкка умтулуу менен мүнөздөлөрүн белгилеген [8]. Выготский өспүрүмдөрдүн социалдашуусу айлана-чөйрө менен өз ара аракеттенүү аркылуу ишке ашарын белгилейт жана булар ааламдашуунун таасирлерине өзгөчө сезимталдыкты жаратышы толук ыктымал. Бул таасирлер жаңы жүрүм-турум стереотиптери, маданий артыкчылыктар, социалдык багыттар түрүндө көрүнөт жана алар өспүрүмдөрдүн сырткы чөйрөдөн алган таасиринин натыйжасында калыптанат [2].

Кыргыз коомчулугунда өспүрүмдөр, негизинен 12ден 18 жашка чейинки куракта-гы адамдар катары каралат. Бул мезгил балалык жашоодон чоң жашоого өтүү менен мүнөздөлүп, социалдык ролдор менен иденттүүлүк калыптанат. Бишкекте ааламдашуунун таасири өзгөчө байкалат, анткени шаар өлкөнүн маданий жана экономикалык борбору болуп саналат. Бул жерде өспүрүмдөр салттуу кыргыз баалуулуктары менен массалык маалымат каражаттары, билим берүү системалары жана социалдык тармактар аркылуу кабыл алынган ааламдык маданий стандарттардын ортосунда карама-каршылыкка туш болушат.

**Иденттешүү, иденттүүлүк түшүнүктөрү**

Иденттешүү – бул өзүн башкаларга окшоштуруучу, жакындаштыруучу психологиялык коргогуч механизм. Иденттешүүдө инсан башкаларга эмоционалдык жактан окшоштуктары аркылуу байланышат деп белгилейт орус маданият таануучусу С.П.Гуревич [9:64].

Окумуштуулар дайыма иденттештирүү жана иденттүүлүк терминдеринин ортосундагы айырмачылыкты белгилешет. Э.Эриксондун айтуусу боюнча, иденттештирүү же иденттешүү бул иденттүүлүккө жетүүчү процесс жана психологиялык механизмдердин жыйындысы. Инсандын иденттүүлүгү өзүнө табигый муктаждык жана жөндөмдүүлүктөрдөн тышкары, маанилүү иденттешүүлөрдү жана туруктуу социалдык ролдорду бириктирет дейт иденттүүлүк түшүнүгүн негиздеген окумуштуу [3:10].

Немец социологу Ю.Хабермас иденттүүлүк адамдын интерсубъективдүү таанууну кабыл алган өздүк иденттешүүсү аркылуу калыптанат деп аныктайт.

Адамдын иденттүүлүгү конкреттүү жана абстрактуу түшүнүктөрдүн символдук биримдиги катары белгилүү бир топко тандык экендигин айгинелеген, символдук чындыгына негизделген, тактап айтканда, өзүн башкалардан айырмалоодо башкалар тарабынан таанылыш керек сезимдер, жүрүм-турумдар же конкреттүү белгилер. Мисалы, Ю.Хабермас адамдын жетилүүсүндөгү этаптарды төмөнкүчө белгилейт: “бала “табигый иденттүүлүккө” ээ (чөйрөдөн өзүнүн тулку боюн бөлүүдө), ал өсүп жатып үй-бүлөдөн символикалык жалпылыктын ролдорун жана кийинчирээк социалдык топтордон кененирээк жүрүм-турумдун нормаларын үйрөнөт. Бул учурда “табигый иденттүүлүк” иденттүүлүктүн символикалык “ролдоруна” таянган абалга өтөт. Чоң кишиде күтүлгөн жүрүм-турумдардын туруктуулугу жана өзүн-өзү түшүнүү максатында өзүнө карата рефлекстүү мамиле: “мен” жеке өзгөчөлүк катары жалпы башка

жекеликтер менен бирдей, бирок инсан катары башка индивидуумдардан абсолюттуу жалпылык, ошол эле учурда түздөн-түз абсолюттуу жекелик” [10:14] маанилүү ролду ойнойт. Чындыгында, идентүүлүк идент-тешкен процесстин жыйынтыгы, өзүнүн жекелик мендигин сактоо аркылуу белгилүү бир топко тиешелүү “мендиктер” же болбосо жекеликтердин окшоштугу идентүүлүктүн жалпылыгын түзөт. Ошондой эле, идентүүлүктүн өзгөчөлүктөрү индивиддин эң көп кайталанган жүрүм-турумдары жана ошол гана жекеликке тиешелүү, ал ар бир индивидди башкалардан айырмалоодо башкы курал, аны менен катар идентүүлүктүн өзгөчөлүктөрүнүн дагы бир мааниси индивидди изилдөө учурунда анын башкалардан кайсы мүнөздөрдө айырмалангандыгынын аныктоодо жакшы көрсөткүч болуп берет.

Идентешүү жана идентүүлүк түшүнүктөрү боюнча социалдык илимдерде көп эмгектер жазылган. Идентүүлүк адамдын жеке мендиги кайсы топко, кандайдыр топтук өзгөчөлүккө, кайсы бир белгилери менен таандык экендигин, өздүгүн, мендигин, биздигин аныктоо учурунда активдүү иштейт. Адам алут катары, тилдик өзгөчөлүк, маданий айырмачылык, диний баалуулук, жаш курактык өзгөчөлүк же жыныстык айырмалануу ж.б. өзүнүн кимдигин же кимге, кайсы топко, кайсы жаш куракка кандай белгилери менен окшошуп, же айырмаларын аң-сезимдүү же аң-сезимсиз түрдө бөлүп турат. Бул идентешүү процесси бала жетилип, чоңойгон сайын, баланы курчап турган чөйрө кеңейген сайын өздүк өзгөчөлүгүн издеп, аңдай баштайт.

Бала өспүрүм куракка келгенде аны курчап турган чөйрөгө кайсы бир конкреттүү же абрстактуу белгилери менен өзгөчөлөнөрү же айырмаланып турганы менен коомдо ким экенин аныктай баштайт. Өспүрүмдү жакындан тааныган жана эң жакын ажыргыс чөйрөсү үй-бүлөсү, андан кийинки чөйрө билим берүү мекемелери. Үй-бүлөдөн бөлүнүп, коомдук жайларда социалдашып жаткан өспүрүм, аны курчап турган достору, классташтары же кайсы бир кызыгуусунун натыйжасында бир топто ойногон, алектенген спортук, интеллектуалдык ж.б. ийримдердеги курбалдаштары менен идентешүү процессин жашайт.

**Өспүрүмдөрдүн идентешүүсүнө таасир эткен факторлор**

Үй-бүлө традициялуу түрдө өспүрүмдөрдүн идентүүлүгүн калыптандыруу процессинде борбордук роль ойнойт. Ааламдашуу шарттарында үй-бүлөнүн ролу социалдык жана маданий нормалардын өзгөрүшүнө байланыштуу өзгөрүүлөргө дуушар болууда [11] коомунда көптөгөн үй-бүлөлөр баалуулуктарды кабылдоодогу айырмачылыктардан улам муундар аралык конфликттерге туш болушат. Мисалы, интернетти жана социалдык тармактарды активдүү колдонгон жаштар, өспүрүмдөр көп учурда кыргыз коомундагы салттуу жүрүм-турумдан айырмаланган баалуулуктарды кабыл алышат.

Юрген Хабермас өзүнүн эмгектеринде үй-бүлөнүн баланын идентүүлүгүн калыптандыруудагы борбордук ролун баса белгилейт [12]. Ата-эне социалдашуунун негизги агенттери катары баланын өзүн кабылдоосуна таасир эткен негизги баалуулуктарды жана байланыштык көндүмдөрдү калыптандырат. Хабермастын оюу боюнча, бала ата-энеси менен өз ара жакын физикалык, маданий, руханий байланыштык мамиледе болуп, моралдык багыттарды өздөштүрүп, диалог жүргүзүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүшөт. Бул идентүүлүктү түзгөн маанилүү элемент болуп саналат. Ааламдашуу шарттарында үй-бүлө маданий мурастарды сактоого жана дүйнөлүк өзгөрүүлөргө ыңгайлашууга шарт түзгөн негизги институт болуп калууда [13].

Адамдардын социалдашуусун изилдеген Генри Тэджфел да социалдык топтун, анын ичинде үй-бүлөнүн идентүүлүк үчүн маанисине көңүл бурат. Ал ааламдашуу жана өспүрүмдөрдөгү белгисиздик шартында референттик топтор менен байланышын күчөтүшөрүн белгилейт. Айрыкча стресс жараткан кырдаалдарда адамдар өзүн таандык сезүү үчүн жана колдоо алуу максатында үй-бүлөсүнө же жакын чөйрөсүнө кайрылышат. Бул процесстер ааламдашуу шартындагы тез өзгөрүүлөргө ыңгайлашуу үчүн маанилүү роль ойнойт [14].

Ааламдашуу процессинин жашообуздун бардык катмарына чейин терең кулачын жайып киргендиктен, ата-энелер тез өзгөрүп жаткан дүйнөгө ыңгайлашууда, бала менен бирдей мамилелик балансты сактоодо кый-

ынчылыктарга туш болуп жатышат. Натыйжада бул көрүнүш муундар аралык түшүнбөстүктөргө алып келиши мүмкүн. Ошол эле учурда үй-бүлө өспүрүмдөргө туруктуу иденттүүлүктү калыптандырууга жардам берген эмоционалдык колдоо жана негизги баалуулуктардын булагы болуп саналат. Дүйнөлүк маданий өзгөрүүлөр, социалдык байланыштардын көп түрдүүлүгү, көп маданияттуулуктун тездик менен коомго сиңиши кыргыз маданиятындагы тыгыз үй-бүлөлүк байланыштарды сактоо жагынан алсыратып жатканы байкалат.

Үй-бүлөлүк салттар үй-бүлө институтунда аткарылып, калыптанып, кийинки муунга атадан-балага өткөрүп берүү сыяктуу миссияны аткарышы керек эле. Бирок учурдагы улуттук баалуулуктар чоң өзгөрүүгө дуушар болуп, дүйнөлүк маданий өзгөрүүлөрдүн натыйжасында маанилүүлүгүн жоготуу абалына келип жетти. Ааламдашуунун жумшак күч катары келген маданий толкуну мамлекеттер аралык чекти абстрактуу түрдө бузуп, ар бир кыргыз үй-бүлөсүнүн өзгөрүүсүнө, улуттук маданий баалуулуктардын алсырашына, колдонуудан чыгуусуна алып келди. Ар бир кыргыз үй-бүлөсү дүйнөлүк баалуулуктарга ээ болуп, “өнүккөн”, “тренд” болгон баалуулукту алып калуу, ээлик кылуу, иденттүүлүгүн алуу менен өзгөрүү абалына келди. Мектептеги социалдык чөйрө жана окуу процесси өспүрүмдөрдүн иденттешүүсүндө күчтүү социалдык институт болуп саналат жана чоң ролду ойнойт. Социалдык өз ара аракеттенүү, мугалимдердин мамилеси жана классташтардын таасири өспүрүмдөрдүн өзүн-өзү кабылдоосуна түздөн-түз таасир этет. Ааламдашуу шартында билим берүү процесси эки негизги тенденцияга дуушар болууда: биринчиси – глобалдык билим берүү стандарттарынын киргизилиши, экинчиси – улуттук билим берүү системаларынын трансформациясы. Азыркы заманда көптөгөн мамлекеттерде англис тилинде окутулган программалардын кеңири жайылышы билим берүүнүн интернационалдашуусуна шарт түзүп жатат. Кыргызстандагы мектептерде да бул көрүнүш байкалып, эл аралык бакалавриат (IB), STEM билим берүү жана көп тилдүү окутуу программалары активдүү жайылууда. Бул демилгелер өспүрүмдөрдүн глобалдык рынокко адаптацияланышын камсыздаганы менен, улуттук иденттүүлүктүн экинчи планга жылышына алып келиши мүмкүн.

Өспүрүмдөрдүн иденттешүүсүнө билим берүү мазмунунун жана методикасынын өзгөрүүсү да чоң таасирин тийгизет. Кыргызстандын айрым мектептерине да замандын талабына ылайык окуучуларга көндүмдөрдү өнүктүрүүгө багытталган практикалык билим берүү ыкмалары менен интерактивдүү окутуу киргизилип, жаңы технологиялар колдонулуп жатат. Бирок бул өзгөрүүлөр кээде салттуу билим берүү принциптери менен карама-каршылыкка туш болушу ыктымал. Маселен, Кыргызстандын айрым аймактарында улуттук тилде билим алуу мүмкүнчүлүгү чектелип, шаардык мектептерде кыргыз тилинде окуу саны кыскарып жатканы коомчулуктун талкуусун жаратууда. Ушундай шарттарда улуттук маданият менен глобалдык тенденциялардын ортосунда тең салмактуулукту сактоо үчүн мектептерде тарбиялык иштерди жана этномаданий ар түрдүүлүктү эске алган программаларды өнүктүрүү зарыл. Мектептен тышкаркы чөйрө өспүрүмдөрдүн социалдашуу процессинде негизги ролду ойнойт, анткени бул чөйрө формалдуу билим берүүдөн тышкары кошумча социалдык тажрыйба алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат. Спорттук секциялар, тил курстары, өнүктүрүүчү программалар жана ар кандай клубдар өспүрүмдөргө социалдык чөйрөгө активдүү аралашууга, жаңы ролдорду өздөштүрүүгө жана өздөрүнүн инсандык сапаттарын өркүндөтүүгө өбөлгө түзөт [7]. Спорттук секцияларга катышуу аркылуу өспүрүмдөр ден соолугун чыңдоо менен бирге, тартипке баш ийүү, кызматташтык жана лидерлик сапаттарын өнүктүрүшөт. Ааламдашуу шарттарында тил курстары жана техникалык көндүмдөрдү өнүктүрүүгө багытталган программалар өспүрүмдөрдүн эмгек рыногундагы атаандаштык жөндөмдүүлүгүн арттырат. Чет тилдерди үйрөнүү маданияттар аралык байланыштарды бекемдеп, өспүрүмдөрдүн дүйнө таанымын кеңейтет. Ошондой эле, программалоо жана маалыматтык технологиялар боюнча курстарга катышуу жаштардын санариптик көндүмдөрүн жакшыртып, эмгек рыногундагы мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет. Мындан тышкары, ар кандай социалдык

жана маданий клубдар өспүрүмдөргө өз кызыкчылыктарына жана баалуулуктарына жараша социалдашууга мүмкүнчүлүк берет. Дебат клубдары, экологиялык уюмдар жана ыктыярчылык программалары жаштардын коомдук активдүүлүгүн арттырып, алардын социалдык жоопкерчилигин калыптандырат. Бул клубдарда өспүрүмдөр өз оюн негиздеп айтууну, критикалык ой жүгүртүүнү жана коомдогу активдүү мүчө болууну үйрөнүшөт. Ошентип, мектептен тышкаркы чөйрө өспүрүмдөрдүн идентешүү процессинде дагы бир маанилүү фактор катары орунга ээ. Бул ишмердүүлүктөр жаштарга өзүн-өзү таануу, коомдук байланыштарды өнүктүрүү жана глобалдык шарттарга ылайык көндүмдөрдү өздөштүрүүгө өбөлгө түзөт [7]. Ааламдашуунун коомду башкаруудагы эң негизги күчү, механизми бул интернет. Интернет аркылуу жайылган маалыматтар жана *социалдык тармактар.* Социалдык тармак – социалдык акторлор болгон түйүндөрдүн тобунан жана ресурстарды бөлүшүү боюнча алардын ортосундагы байланыштардан (социалдык өз ара аракеттенүү) турат.

"Социалдык тармак" деген түшүнүктүн өзү тааныш адамдардын чөйрөсүн жана бул адамдардын ортосундагы социалдык байланыштарды камтыйт. Америкалык социолог Мануэль Кастелс өзүнүн "Интернет галактикасы: Интернет, бизнес жана коомдогу ой жүгүртүү" аттуу китебинде интернет байланыштын заманбап ыкмаларынын бири гана эмес, интернет заманбап маалыматтык коомдун жана анын структурасынын негизин түзөрүн белгилейт [15]. Эгерде биз информациялык технологияларды өнөр жай революциясы учурундагы электр энергиясы менен салыштыра турган болсок, анда Интернет бүгүнкү күндө адам ишинин дээрлик бардык тармактарын энергия менен камсыз кылган электр кыймылдаткычына окшош.

Кастельстин пикири боюнча, маалымат технологияларындагы революция экономика, саясат жана маданият тармактарын өзгөртүп, жаңы типтеги коомду жараткан. Анын айтымында, өндүрүш, бийлик жана социалдык мамилелердеги түзүмдүк өзгөрүүлөр жаңы коомдун пайда болушуна себеп болот. Бул өзгөрүүлөр мейкиндик жана убакыттын социалдык формаларына да таасир этип, жаңы маданияттын жаралышына алып келет [16:330]. Башка окумуштуулар бул тарыхый өзгөрүүнү маалыматтык коомдун жаралышы деп эсептешкенине карабастан, Кастельс бул аныктаманы так деп эсептебейт. Жаңы коом – бул маалыматтык парадигманын көтөрүлүшү менен байланыштуу бирок аны менен аныкталбаган белгилүү бир коомдук түзүлүш катары карайт [16:330].

Жаңы социалдык түзүлүш үч негизги фактордун өз ара аракетинен келип чыккан: 1970-жылдардагы маалыматтык технологиялардын революциясы, 1980-жылдардагы капитализмдин кайра курулушу жана 1960-1970-жылдардагы маданий жана социалдык кыймылдар, анын ичинде феминисттик жана экологиялык кыймылдар [17:7]. Кастельс бул жаңы коомду "тармактык коом" деп атаган. Маалыматтык коом түшүнүгү коомдун маалыматтык технологиялардын айланасында топтолгонун билдирсе, тармактык коом түшүнүгү ийкемдүүлүк, маалыматты берүү, маалыматка жетүүдө теңсиздик жана жаңы "криминалдык экономика" сыяктуу аспектилерге басым жасайт [18].

Кастельс тармактык коомдун негизги өзгөчөлүктөрүн төмөнкүчө аныктайт:

1) Маалымат – негизги ресурс жана кыймылдаткыч күч. Бул жерде технология маалыматка негизделет.

2) Жаңы технологиялар жеке жана коомдук жашоонун бардык аспектилерине таасир этет.

3) Жаңы маалыматтык технологиялар логика принциптерине ылайык иштейт жана тармактык логика системанын татаалдыгынан жана белгисиздиктен келип чыккан маселелерди чечүүгө багытталган.

4) Ийкемдүүлүк жана кайра аныктоо принциптери менен иштейт.

5) Бул парадигма технологиялык топтолуунун ар кандай тармактарда бир системага биригишине шарт түзөт. Мисалы, "микроэлектроника, телекоммуникациялар жана компьютерлер азыр маалымат системасына интеграцияланганын" жазат [19:89-91].

Илимдин, технологиянын, коомдун өнүгүшүнө жакшы таасир эткен маалыматтык технология жана тармактык коом алыскы аралыктык өзгөчөлүккө, убакыттык айырмаланууга карабастан, коомдун бардык катмарына бирдей кирип, бир учурда бардык

жаш курактагы, улуттук өзгөчөлүккө ээлик кылбастан, тармактык коомдун мүчөлөрүн бириктирип, жаңы типтеги ааламдык баалуулуктардын жайылтуу үчүн жарышка түшкөн иденттешүү процессин баштады. Бул тармактык коом жаңы төрөлгөн баладан баштап бардык жаш курактагы адамдарды багындырды.

Социалдык тармактар же тармактык коом заманбап өспүрүмдөрдүн иденттешүүсүнө таасир этүүчү эң маанилүү факторлордун бири болуп саналат. Я.Л.Моренонун социометриялык теориясы [20] социалдык мамилелердин түзүмүн жана алардын иденттүүлүккө тийгизген таасирин түшүндүрүү үчүн баалуу негиз берет. Морено социалдык байланыштардын жекеликтердин өзүн-өзү таануу процессиндеги ролун изилдеп, бул түшүнүктү азыркы социалдык медиа платформаларынын өспүрүмдөрдүн иденттешүүсүнө тийгизген таасирин анализдөөгө, колдонууга мүмкүнчүлүк түзөт.

Моренонун изилдөөлөрүндө белгиленгендей, иденттүүлүктү калыптандыруу процесси көпчүлүк учурда топтордун ичинде ишке ашат [20]. Социалдык тармактар азыркы заманда өспүрүмдөр үчүн байланыш түзүүнүн негизги аянтчасына айланган. Facebook, Instagram жана TikTok сыяктуу платформалар социалдык мамилелерди кеңейтүү жана социалдык тармактарды өнүктүрүү үчүн уникалдуу шарттарды түзөт. Моренонун социометриялык картасынын алкагында, социалдык тармактар өспүрүмдөрдүн популярдуулук, кабыл алынуу жана читтетилүү сыяктуу аспектилерин визуализациялоого жардам берет. Мисалы, социалдык тармактарда "лайктар", "комментарийлер" жана пикирлер аркылуу башка адамдардын реакциясын алуу өспүрүмдөрдүн өздүк баалоосуна жана иденттешүүсүнө түздөн-түз таасир этет [11]. Бул процесстер Моренонун топ ичиндеги ролдорду аныктоо жана аларды өздүк иденттешүүгө байланыштуу түшүндүрмөлөрү менен шайкеш келет.

Я.Л.Морено адамдардын өзүн кабыл алуусу алардын социалдык мамилелериндеги ордунан көз каранды экенин белгилеген [20]. Социалдык тармактар бул процессти күчөтүп, өспүрүмдөрдү башка адамдар менен байланыштыра турган визуалдык жана тексттик платформалар аркылуу жаңы мамиле түзүү мүмкүнчүлүктөрүн берет. Бирок, ошол эле учурда, социалдык медиа платформалары өспүрүмдөрдүн иденттүүлүгүн калыптандырууда татаал факторлорду жаратат.

Моренонун социалдык топтордун динамикасы боюнча теориясында өспүрүмдөр өздөрүн таандык топтордун реакциялары аркылуу кабыл алышат [20]. Социалдык тармактардын шарттарында бул өзгөчө мааниге ээ болот, анткени өспүрүмдөр виртуалдык баарлашууда өз ордун таанууга жана ырастоого аракет кылышат. Ошондой эле социалдык медиа өспүрүмдөрдү ар кандай топторго кошулууга мажбурлайт, бул алардын иденттешүүсүн ар кандай багытта өнүктүрүүгө алып келет [11].

Морено позитивдүү социалдык байланыштар өспүрүмдөрдүн өзүн-өзү кабыл алуусуна өбөлгө түзөт деп эсептеген. Ошол эле учурда, четтетилүү же терс баалануу социалдык изоляцияны күчөтүшү мүмкүн экендигин белгилейт [20]. Социалдык тармактардын чөйрөсүндө өспүрүмдөр кээде мындай терс таасирлерге кабылышат, мисалы, кибербуллинг же виртуалдык изоляция. Мындай кырдаалдар өспүрүмдөрдүн өздүк баалуулуктарына терс таасир этиши мүмкүн [11].

Социалдык тармактар Бишкектеги өспүрүмдөрдүн иденттүүлүгүнө таасир этүүчү эң маанилүү факторлордун бири. Instagram, TikTok жана YouTube сыяктуу платформалар өспүрүмдөргө өздөрүнүн бар экенин билдирүү, таанытуу үчүн ар кандай маданияттар менен өз ара аракеттенүү жана жеке онлайн-образын түзүү мүмкүнчүлүгүн берет. Интернетке жетүү мүмкүнчүлүгү бар өспүрүмдөрдүн көпчүлүгү үчүн социалдык тармактар маалымат булагы гана эмес, өзүн көрсөтүү аянтчасы болуп калды [1]. Бүгүнкү күндө кыргыз өспүрүмдөрү да кыска убакыттык видеолорду көрүү жана аларга пикир билдирүү, жактыруу же жактыруу, колдоо же колдобоо сыяктуу пикир билдирүү менен бирге өздөрүнүн жеке позициясын дагы таанытып жатышат. Айрымдары социалдык тармактарга көз карандылык абалында болуп, чыныгы жашоонун маңызынан алыстап жатышат. Бул социалдык өзгөрүү үй-бүлөдө, билим берүү мекелеринде ачык байкалган көрүнүш экендиги маалым.

Социалдык тармактарга цензурасыз жарыяланган ар түрдүү маалыматтар өспүрүмдөрдүн биологиялык жактан эрте жетилүүсүнө, психологиялык жактан жабыркашына, физиологиялык жактан өзүн-өзү кабыл албоо сыяктуу маселелерге кабылып жатышат. Бул тууралуу окумуштуусу Халл социалдык тармактарды ашыкча колдонуу өзүн-өзү төмөн баалоо, башкалар менен салыштыруу жана тышкы жактырууга көз карандылык сыяктуу бир катар терс кесептерге алып келиши мүмкүн [21] баалайт. Бишкек шаарындагы өспүрүмдөр ааламдык мейкиндиктен алынган тренддерди жана маданий практикаларды активдүү кабыл аларын көрсөтүүдө. Бул жергиликтүү жана ааламдык маданияттын элементтерин айкалыштырган гибриддүү иденттүүлүктүн калыптануусуна өбөлгө түзөт. Мисалы, Батыштын кийим стилдерин колдонуу, чет тилдерди жайылтуу жана ааламдык флешмобдорго катышуу маданий интеграция процесстерин чагылдырат.

Жыйынтыктап айтканда, ааламдашуунун таасири астында өзгөрүүгө дуушар болгон кыргыз коому, анын ичинде өспүрүмдөр жаш курактык кризис учурунда коомду таануу жаңы горизонту кеңейип, үй-бүлөдөн бөлүнүп, дос-курбу чөйрөсү активдүү жана маанилүү мезгилге өтөт. Бул учурда ата-эне, билим берүү мекемелери жана балдардын бош убактысын эффективдүү өткөрүүнү уюштурган ар түрдүү ийримдер мамлекеттик, коомдук, аймактык жана улуттук баалуулуктардын, өзгөчөлүктөрдүн жана иденттүүлүгүн калыптандырган баалуулуктарга сугарылган аянтчаларды түзүү шарт. Ар бир өспүрүмдүн жашоосу өткөн аянтча, виртуалдуу болсун, визиалдуу болсун, өспүрүмдүн улуттук иденттүүлүгүн калыптандырган символикалык белгилерге бай жана эс-тутумда позитивдүү элестетүү жарата алган образда болушу маанилүү. Аны менен катары үй-бүлө баалуулугу, коом баалуулугу, улут жана мамлекет баалуулугу тууралуу кыска видеолордун байма-бай тартылышы жана ошол боюнча баарлашуу аятнтчаларынын түзүлүшү балдардын иденттүүлүгүнүн улут баалуулугунда, маданият өңүтүндө позитивдүү калыптанат деген ойдобуз.

**Адабияттар:**


1. Castells, M. (2010). *The Rise of the Network Society.* Malden: Wiley-Blackwell.
2. Giddens, A. (1991). *Modernity and self-identity: Self and society in the late modern age.* California: Stanford University Press.
3. Эриксон, Э. (2006). *Идентичность: юность и кризис.* Москва: Издательская группа “Прогресс”
4. Юдахин, Х. (1969). *Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү.* Фрунзе: “Мектеп” басмасы.
5. *https://www.who.int/health-topics/adolescent-health#tab=tab_1.* (25 январь 2025 г.). Получено из https://www.who.int/health-topics/adolescent-health#tab=tab_1
6. *https://studfile.net/preview/8677054/page:7/.* (2025 Январь 2025 г.). Получено из https://studfile.net/preview/8677054/page:7/: https://studfile.net/preview/8677054/page:7/
7. Jenkins, R. (2004). *Social Identity.* London and New York: Routledge.
8. Выготский, Л. (1978). Психология развития человека. Москва: «Педагогика».
9. Гуревич, П. (2010). Вопросы социальной теории. В П.С.Гуревич, Проблема идентичности человека в философской антропологии (стр. 63-87).
10. Хабермас, Ю. (1999). В Ю. Хабермас, *В поисках национальной идентичности: философские и политические статьи.* Донецк: Донбасс.
11. Boyd, D. (2014). *It’s Complicated: The Social Lives of Netwoked Teens .* New Haven: Yale University Press.
12. Habermas, J. (1984). *The Theory of Communicative Action, Volume 1: Reason and the Rationalization of Society.* Boston: Beacon Press.
13. Habermas, J. (1990). *Moral Consciousness and Communicative Action.* Cambridge: MIT Press.
14. Tajfel, H. (1981). *Human Groups and Social Categories: Studies in Social Psychology.* Cambridge: Cambridge University Press.
15. Кастельс, М. (2004). *Галактика Интернет: Размышления об Интернете, бизнесе и обществе.* Екатеринбург: У-Фактория.

16. Castells, M. (2013). *Enformasyon Çağı Ekonomi Toplum ve Kültür-III: Binyılın Sonu.* İstanbul: İstanbul Bilgi Ünıversitesi Yayınları.
17. Castells, M. (1997). *An Introduction to the Information Age.* City, Vol. 2, No. 7.
18. Өзйурт, Ж. (2023). *Ааламдашуунун абалдары.* Çizgi Kitabevi.
19. Castell, M. (2008). *Enformasyon Çağı Ekonomi Toplum ve Kültür-I: Ağ Toplumunun Yükselişi.* İstanbul: İstanbul Bilgi Üniversitesi Yayınları.
20. Moreno, J. L. (1953). *Who Shall Survive? Foundations of Sociometry, Group Psychotherapy and Sociodrama.* Beacon House.
21. Hall, R. (1996). *Questions of Cultural Identity.* California: SAGE Publications.

УДК:947(575.2)

**Элеманова Р.Т.** – окутуучу,
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекттик университети

**ЧҮЙ ОБЛУСУНДАГЫ УЛУТТАР АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕР**

**Элеманова Р.Т.** – преподаватель
Кыргызского государственного университета имени Ишеналы Арабаева

**МЕЖНАЦИОНАЛЬНЫЕ ОТНОШЕНИЯ ЧУЙСКОЙ ОБЛАСТИ**

**Elemanova R.T.** Teacher
Kyrgyz State University named after I. Arabaev

**INTERNATIONAL RELATIONS OF CHUI REGION**

**Аннотация.** Өлкөдөгү миграциянын аймактагы улуттук курамга тийгизген таасири тууралуу сөз болуп жаткандыгы тууралуу айтылат. Экономикалык себептерден улам адамдардын бир өлкөдөн башка өлкөгө көчүп кетиши тууралуу айтылып жатат. Бул процесстин аймактагы улуттук курамга кандай таасир эткендиги аныкталууда. Орустар, украиндер жана башка жергиликтүү эмес улуттардын санынын азайышы. Миграциянын натыйжасында аймакта орус, украин жана башка улуттардын санынын кыскаргандыгы белгиленет. Бул ошол улуттардын миграция процессине катышканы же аймакта алардын туугандарынын азайганы менен байланыштуу болушу мүмкүн. Андай болсо да, Чүй облусунда **у**луттук курамдын өтө аралаш мүнөзү байкалат. Ошондой эле, аймакта улуттук курамдагы деле көп улуттуу жана ар түрдүү экендигин билебиз. Бул, экономикалык миграция процессинин аймактагы улуттардын аралашмасын толук өзгөртпөгөнүн көрсөтөт.

**Негизги сөздөр:** улуттар аралык мамиле, Чүй облусу, социалдык, маданий, экономикалык, аймак таануу.

**Аннотация.** Рассказыается о влияние миграции в стране на нациаональный состав. Говорят, причина о переезде из одной страны в другую по экономическим причинам. Выясняется, как этот процесс влияет на национальный состав. Уменьшилось количества русских, украинцев и других коренных национальностей. Это может быть связано с тем, что данные нациаональности участвовали в миграционном процессеили с тем, что их родственников стало меньше. Несмотря на это, Чуйская область демонстрирует многонациональный состав. Также мы знаем, что национальный состав региона по прежнему, многонационален и разнообразен. Это показывает, что процесс экономической миграции не полностью изменил этнический состав в регионе.

**Ключевые слова:** межнациональные отношения, Чуйская область, социальные, культурные, экономические, региональные исследования.

**Abstract.** The influence of migration in country on the national composition is discussed. They say the reason is about moving from one country to another for economic reasons. It turns out national composition. the number of Russians, Ukrainians and other indigeneus nationalities has decreased. This may be due to the fact that these nationalities participated in the migration prosess or due to the